**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз мамлекеттик университети**
**И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик**
**техникалык университети**

Д 08.23.666 Диссертациялык кеңеши

кол жазма укугунда
**УДК 657 (575.2)**

**Бакай кызы Жамила**

# Стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүү (Кыргыз Республикасынын кайра иштетүү ишканаларынын мисалында)

08.00.12 - бухгалтердик эсеп, статистика

экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн жазылган диссертациялык иштин
**Автореферата**

**Бишкек - 2024**

Диссертациялык иш М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий - изилдөө университетинин бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит” кафедрасында аткарылган.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | **Суранаев Туратбек Джамалбекович**<br>экономика илимдеринин доктору, Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз - Россия Славян университетинин профессору, Бишкек шаары |
| **Расмий оппонентер:** | |
| **Жетектөөчү уюм:** | К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин кафедрасы, дареги: 720044, Бишкек шаары, Ч. Айтматов проспекти, 27. |

Диссертациялык ишти коргоо 2024 жылдын 26- саат 11.00 дө Ж. Баласагын атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине жана И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетине караштуу Д 08.23.666 диссертациялык кеңешинин отурумунда өтөт. Дареги: 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү 547.

Диссертациянын видеоконференциясына кирүү үчүн шилтеме: https://vc.vak.kg/b/082-wra-13n-j9d

Диссертациялык иш менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (720033, Бишкек ш., Фрунзе көчөсү 547) жана И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин (720044, Бишкек ш., Ч. Айтматов просп., 66) китепканаларынан жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын сайтынан таанышууга болот https://stepen.vak.kg/diss_sovety/d-08-23-666/

Автореферат 2024 жылдын таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
Окумуштуу катчысы, экономика
Илимдеринин доктору Есеналиева Б.Б

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациялык иштин актуалдуулугу.** Кайра иштетүүчү ишканалар - акыркы продукцияны чыгаруу үчүн чийки затты же жарым фабрикаттарды кайра иштетип чыгып керектөөчүлөргө жеткирүү менен иш жүргүзөт. Бул ишканалар тамак-аш өнөр жайы, химиялык өнөр жай, металлургия, текстиль өнөр жай жана башкалар сыяктуу ар кандай тармактарда болушу мүмкүн. Алар чийки затты алып, ар кандай процесстер жана технологиялар аркылуу аларды сатууга же колдонууга даяр акыркы продукцияга айландырышат. Кайра иштетүүчү ишканалардын ишинин маанилүү аспектиси болуп аз чыгымдар менен эң жогорку сапаттагы продукцияны алуу үчүн өндүрүш процесстерин оптималдаштыруу саналат.

Кайра иштетүү ишканаларында стратегиялык башкаруу эсеби ишкананы өнүктүрүү стратегиясын калыптандырууда жана ишке ашырууда негизги ролду ойнойт. Бул жерде жагдай бизнес үчүн өзгөчө маанилүү болгон стратегиялык башкаруу эсебинин кээ бир аспектилерин колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

Кайра иштетүүчү ишканаларда чийки заттын, энергиянын, эмгектин жана башка ресурстардын чыгымдарын жана баасын эсепке алуу абдан маанилүү.

Стратегиялык эсеп өндүрүштүн натыйжалуулугун жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн чыгымдарды талдоо жана оптималдаштырууга мүмкүндүк берет. Кайра иштетүү ишканалары үчүн сырьёлордун, жарым фабрикаттардын жана даяр продукциянын запастарын натыйжалуу башкаруу менен аныкталышы керек. Стратегиялык эсеп инвентарлардын деңгээлин оптималдаштырууга, сактоо чыгымдарын минималдаштырууга жана жетишсиз же ашыкча запастарга байланыштуу тобокелдиктерди башкарууга мүмкүндүк берет.

Стратегиялык эсеп көйгөйлөрдү аныктоо жана сапаттын жана шайкештиктин жогорку деңгээлин камсыз кылуу үчүн өндүрүш процесстерин өркүндөтүү үчүн продукциянын сапаты боюнча маалыматтарды талдоону камтыйт. Өндүрүштүк процесстерге өз убагында мониторинг жана талдоо жүргүзүү өндүрүш кубаттуулугун оптималдаштырууга, өндүрүмдүүлүктү жана продукциянын сапатын жогорулатууга жана өндүрүштүн өздүк наркын төмөндөтүүгө жардам берет. Бухгалтердик эсептин маалыматтарын талдоо кайра иштетүүчү ишканаларды стратегиялык өнүктүрүүнүн маанилүү аспектиси болуп саналган инновацияларды жана жаңы продукцияны иштеп чыгуунун потенциалдуу багыттарын аныктоо үчүн керектүү шарттарды түзөт.

Стратегиялык эсеп ошондой эле ишкананын узак мөөнөттүү өнүгүүсүнө өбөлгө түзүп жаңы техникага, технологияга жана модернизациялоо долбоорлоруна инвестициялардын натыйжалуулугун баалоого мүмкүндүк берет. Жалпысынан алганда, кайра иштетүүчү ишканаларда стратегиялык башкаруу эсеби жетекчиликке стратегиялык максаттарга жетүү жана узак мөөнөттүү келечекте ишкананын ийгиликтүү иштешин жана өнүгүүсүн камсыз кылууга багытталган негизделген чечимдерди кабыл алууга жардам берет.

Стратегиялык башкаруу эсеби кайра иштетүүчү ишканалар үчүн бир катар негизги артыкчылыктарга жана мааниге ээ.

Кайра иштетүүчү ишканалар чийки зат, энергия, эмгек жана каржы сыяктуу ресурстарды натыйжалуу пайдаланууга көз каранды. Стратегиялык эсеп бул ресурстардын чыгымдарын оптималдаштырууга, ошону менен өндүрүштүк чыгымдарды кыскартууга жана кирешелүүлүгүн жогорулатууга жардам берет.

Кайра иштетүүчү ишканалар чийки заттын баасынын, ченемдик укуктук актылардын өзгөрүшүнө, рыноктук атаандаштыкка ж.б. байланыштуу ар кандай тобокелчиликтерге дуушар болушат. Стратегиялык эсеп бул тобокелдиктерди талдап, баалоого мүмкүндүк брүү менен бирге аларды азайтуу боюнча стратегияларды жана чараларды иштеп чыгууга шарт түзөт.

Стратегиялык эсеп башкарууну негизделген стратегиялык чечимдерди кабыл алуу үчүн керектүү маалымат менен камсыз кылат. Финансылык маалыматтарды, эффективдүү индикаторлорду жана башка маалыматтарды талдоо бизнестин күчтүү жана алсыз жактарын, өсүү жана өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн аныктоого жана максаттарына жетүү үчүн натыйжалуу стратегияларды иштеп чыгууга багытталган. Стратегиялык эсепти натыйжалуу колдонуу кайра иштетүүчү ишканаларга базар шартында атаандаштыкка туруштук берүүгө мүмкүндүк берет. Өндүрүш процесстерин оптималдаштыруу, өздүк наркты көзөмөлдөө, базар шартынын керектөөлөрүнө ылайык жаңы өнүмдөрдү жана кызматтарды иштеп чыгуу – мунун баары ишкананын позициясын бекемдөөгө жана кардарларды тартуу үчүн чоң мааниге ээ боло алат.

Стратегиялык башкаруу эсебинин өндүрүштүк чыгымдарды башкарууну маалыматтык камсыздоо көйгөйлөрү төмөнкү чет элдик окумуштуулардын эмгектеринде изилденген: Б. Нидлз, Дж. Рис, Т. Стоун, П. Фридман, Дж. Фостер, Ч. Хорнгрен, С. Энтони, А. Яругова, Х. Андерсен, А. Апчер, Ш. Датар, К. Друри, Д. Колдуэлла, С. Манн, Э. Майера.

Башкаруу, маалымат жана бухгалтердик эсептин өз ара айкалыштыруучу маселелери жакынкы чет мамлекеттердин окумуштууларынын эмгектеринде да чагылдырылган. Мисалга алып карасак: М. С. Ержанов, К. Ш. Дюсембаев, Т. П. Карпова, Н. П. Кондратов, К. Т. Тайгашинова, Д. Ураков, О. Е. Николаева, С. Д. Жакипбеков, С. А. Николаева, В. Ф. Палий, Л. В. Попова, Г. В. Савицкая, *Я. В.*Соколов, В. И. Ткач., А. Д. Шеремет, Широбокова В. Г., ж.б.

Башкаруу эсебинин өз ара аракеттешүүсүнүн жаңы тенденциялары, ошондой эле базар экономикасына өтүү шарттарында чыгымдардын эсебин түзүү маселелери ата мекендик окумуштуулар тарабынан изилденип, алардын эмгектеринде баса белгиленген. Алар: М. И. Исраилов, О. К. Курманбеков, А. А. Арзыбаев, А. О. Осмоналиев, Д. К. Омуралиева, Ж. Т. Тургунбаев, Т. Ж. Суранаев, К. М. Назарматова, Э. У. Кулова, Ж. М. Байсалова, А. Б. Ботобеков. Ж. П. Пиримбаев, К. Ж. Чалова, У. С. Сулайманова, Р. А. Узенбаев, Е. В.Зенина, Г. К Өмуркулова, ж.б., эмгектеринде ишкананын эсеп саясаты изилденген.

Диссертацияда автордун илимий изилдөөлөрүнүн натыйжаларынын мазмуну келтирилген, автордун макалаларында, башка илимий эмгектеринде жарыяланып, кайра иштетүүчү ишканаларынын стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоосун өнүктүрүү, башкаруу эсебин колдонуудагы ыкмаларын түзүү жана өркүндөтүү процессине кошкон салымы чагылдырылган.

**Диссертациялык иштин темасынын артыкчылыктуу илимий багыттары, ири илимий программалары (долбоорлору), илимий жана билим берүү мекемелеринин илимий-изилдөө иштеринин негизги багыттары менен байланышы.** Диссертациянын темасы Өкмөттүн токтому менен кабыл алынган 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясына байланыштуу. Ошондой эле М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илим изилдөө университетинин «Бухгалтердик эсеп, талдоо жана аудит» кафедрасынын илимий изилдөө темасы менен дал келет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери:** Диссертациялык изилдөөнүн негизги максаты жана милдеттери – кайра иштетүүчү ишканалардагы стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүү, стратегиялык башкаруу эсебинин өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн шарттарды, өбөлгөлөрдү түзүү үчүн стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүнү жөнгө салуу механизмин өркүндөтүү, ошондой эле башка өлкөлөрдүн тажрыйбаларын изилдеп, жыйынтыктарын ата мекендик ишканаларда колдонуу болуп саналат.

Бул максатка жетүү үчүн төмөнкү **милдеттер** коюлган:

1. кайра иштетүүчү ишканалардагы стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүнү өнүктүрүүнүн теориялык жана методологиялык аспектилерин изилдөө;
2. кайра иштетүүчү ишканалардагы стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүү боюнча эл аралык тажрыйбаны изилдөө;
3. Кыргыз Республикасынын кайра иштетүүчү ишканаларына экономикалык талдоо жүргүзүү;
4. Кыргыз Республикасынын кайра иштетүүчү ишканаларынын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүнү жөнгө салуунун ыкмаларын аныктоо;
5. кайра иштетүүчү ишканалардын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүдөгү көйгөйлөрдү аныктоо;
6. кайра иштетүүчү ишканалардын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүү ишин жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** Кыргыз Республикасында кайра иштетүүчү ишканаларынын стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүүнүн жаңы ыкмаларын теориялык жактан негиздөөдө жана практикалык жактан колдонууну иштеп чыгуу.

Изилдөө процессинин жүрүшүндө биз төмөнкү илимий натыйжаларды алдык:

– кайра иштетүүчү ишканалардагы стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүнү өнүктүрүүнүн теориялык жана методологиялык аспектилери изилденди;
– кайра иштетүүчү ишканалардагы стратегиялык башкару эсебин жүргүзүү боюнча эл аралык тажрыйба изилденди;
– Кыргыз Республикасынын кайра иштетүүчү ишканаларынын экономикалык абалына талдоо жүргүзүлдү;

– Кыргыз Республикасынын кайра иштетүүчү ишканаларынын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүнү жөнгө салуунун ыкмалары аныкталды;

– кайра иштетүүчү ишканалардын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүдөгү көйгөйлөр аныкталды;

– кайра иштетүүчү ишканалардын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүү ишин жакшыртуу боюнча сунуштар ишелип чыкты.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси:** Кыргыз Республикасында кайра иштетүүчү ишканаларынын стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүү боюнча сунуштарды кайра иштетүүчү ишканаларга, Экономика жана коммерция министрлигине, Финансы министрлигине сунушталды.

Изилдөөнүн натыйжалары кайра иштетүүчү ишканаларынын стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүү боюнча санариптик технологияларды киргизүүнү эске алуу менен натыйжалуу башкаруу эсебинин системасын түзүү ыкмаларын иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. Автор Экономика жана коммерция министрлигинен, Финансы министрлигинен, сунуштарды камтыган ишке ашыруу актысын алган.

**Алынган натыйжалардын экономикалык мааниси.** Кайра иштетүүчү ишканаларынын стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүү боюнча берилген сунуштар Экономика жана коммерция министрлигинин, Финансы министрлигинин, кайра иштетүүчү ишканалардын ченемдеринин негиздүүлүгүн жана объективдүүлүгүн жогорулатууга жардам берет.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:** Диссертациялык иште автор тарабынан алынган төмөнкү илимий жыйынтыктар корголот:

– кайра иштетүүчү ишканалардагы стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүнү өнүктүрүүнүн теориялык жана методологиялык аспектилери изилдөө жолун сунуштоосу тереңдетилди;

– Өнүккөн чет өлкөлөрдүн кайра иштетүүчү ишканаларындагы стратегиялык башкару эсебин жүргүзүү боюнча эл аралык тажрыйбаны колдонуу, калыптандыруу жолдору боюнча алардын тажрыйбасын колдонуу менен иш алып баруу сунушу берилди;

– Кыргыз Республикасынын кайра иштетүүчү ишканаларынын экономикалык абалына талдоо жүргүзүлдү;

– Кыргыз Республикасынын кайра иштетүүчү ишканаларында стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүнү жөнгө салуунун ыкмалары такталды;

– кайра иштетүүчү ишканалардын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүдөгү көйгөйлөр такталып, сунуштоолор берилди;

– кайра иштетүүчү ишканалардын стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүү ишин жакшыртуу боюнча сунуштар иштелип чыгып, тиешелүү мамлекеттик органдарга сунуштар берилди.

**Изилденүүчүнүн жеке салымы.** Автор кайра иштетүүчү ишканаларынын стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүү боюнча «кайра иштетүүчү ишканалардагы стратегиялык башкаруу эсеби» жана «кайра иштетүүчү ишканалардагы стратегиялык башкаруу эсебин пайдалануучулар» түшүнүгүнүн теориялык негиздерин, ыкмаларын жалпылап, Экономика жана коммерция министрлигине, Финансы министрлигине сунуштайт.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо.** Илимий изилдөөлөрдүн негизги жыйынтыктары эл аралык жана республикалык деңгээлдеги ар кандай илимий-практикалык конференцияларда, ошондой эле практикалык семинарларда жана форумдарда баяндалган.

**Диссертациянын толук чагылдырылышы.** Диссертациянын негизги жоболору жана натыйжалары изилденип жаткан тема боюнча Кыргыз Республикасынын, Россиянын түрдүү илимий жана мезгилдүү басылмаларында 8 макала басылган, РИНЦ (Россиянын илимий цитаталар индекси) индекстөө системасына кирген басылмаларда (чет элдик басылмаларда) чагылдырылган, бардыгы 122 балл.

**Диссертациялык иштин түзүмү жана көлөмү.** Диссертациялык иш кириш сөздөн, үч бөлүмдөн, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат, компьютердик терүүнүн негизги тексти 172 бетти түзөт, ошондой эле 31 сүрөт, 8 таблица жана 176 библиографиялык аталышты камтыйт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө диссертациянын изилдөө темасынын актуалдуулугу негизделет, изилдөөн максаттары жана милдеттери, диссерациялык иштин илимий жаңылыгы жана илимий натыйжалары, практикалык жана экономикалык мааниси, коргоого сунушталган негизги жоболор баяндалат.

Диссертациянын **“Стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүүнүн теориялык негиздери”** аталышындагы биринчи бөлүмүндө кайра иштетүүчү ишканалардагы эсеп саясатын түзүү, стратегиялык башкаруу эсебин түзүүнүн теориялык негиздери, чет өлкөлөрдөгү башкаруу эсебин уюштуруу тажрыйбалары каралган.

Бүгүнкү күндө ишкананын атаандаштык артыкчылыктарын камсыз кылууга тийиш болгон, туура аныкталган стратегия, ишкананы натыйжалуу башкаруу үчүн өзгөчө актуалдуу болуп саналат. Мындай стратегияны түзүү үчүн ишканага оперативдүү маалыматтар керек, ошондуктан стратегиялык башкаруу эсебинин маалыматтары негизделген чечимдерди кабыл алуу үчүн чоң мааниге ээ болот.

Кайра иштетүү өнөр жай тармагынын өнүгүүсү ата мекендик экономиканын эл аралык мейкиндике чыгышы, биринчи кезекте маалымат каражаттарын ыкчам (оперативдүү) башкаруудан стратегиялык башкаруу тармагына орчундуу кызмат кылышы учурдун негизги талабы. Кайра иштетүүчү ишканалырынын туруктуу өнүгүшү алардын ишмердүүлүгүн максатка ылайык мониторинг кылуу, прогноздоо, көйгөйлөрдү аныктоо, финансылык жана

финансылык эмес көрсөткүчтөрүн айкалыштыруу аркылуу ыкчам (оперативдүү) жана стратегиялык башкаруу тармагынын максаттарына жетүүгө болот.

Башкаруу эсебинин тармагынын түзүмүндө бухгалтердик жана уюштуруучулук (финансылык-уюштуруу структурасы, башкаруу эсебинин методологиясы, иш кагаздарды жүгүртүү тармагы), бухгалтердик эсепти жана башкарууну (жоопкерчилик борборлорун түзүү, бюджетти түзүү), бухгалтердик жана аналитикалык (башкаруучулук анализдин методологиясы) айырмалоо керек) жана интеграциялоо (стратегиялык эсепке алуу жана тармагын натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрүн түзүү) тармагын камсыз кылуу.

Башкаруу эсебин уюштуруунун кайсы багыты максатка ылайыктуу? Бул суроонун жообу негизинен кайсы эсептөө планына артыкчылык берүүдөн көз каранды. Учурда бул көйгөй экономикалык адабияттарда кеңири талкууланууда. Экономисттердин бир тобу учурдагы бухгалтердик эсептин эсептөө планын кеңейтүүнү, аны финансылык жана башкаруучулук эсептин талаптарына ылайыкташтырууну сунуш кылышат.

Мындай абалда базар мамилелерине өтүү, бухгалтердик эсепти уюштуруудагы өзгөртүүлөр бул маселени тез арада чечүүнү талап кылат, айрыкча Россияда продукциянын (аткарылган иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) өздүк наркына кирген чыгымдардын курамы, ошондой эле амортизациялык чегерүүлөрдүн жана салык тармагы да тез-тез өзгөрүүлөргө дуушар болот.

Экинчи бөлүмдө "**Кайра иштетүү ишканаларындагы стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүдөгү талдоолор"** темасында кайра иштетүү ишканаларынын бүгүнкү күндөгү экономикалык абалы, Ишканалардын финансылык ресурстарды пайдалануунун талдоосу, кайра иштетүүчү ишканаларынын инвестициялар менен иш алып баруудагы талдоосу каралган.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп Кыргыз Республикасындагы кайра иштетүүчү ишканалары болуп саналат.

**Изилдөөнүн предмети** болуп кайра иштетүүчү ишканалардагы стратегиялык башкаруу эсеби, алардын тажрыйбада колдонулушу.


**Изилдөөнүн методдору.** Кайра иштетүүчү ишканалардагы стратегиялык башкаруу эсеби бүгүнкү күндөгү абалын билүү үчүн диссертациялык изилдөөдө жалпы илимий жана илимий-конкретүү методдор: байкоо, системалоо, салыштыруу, жалпылоо, логикалык байланыштарды сезүү, талдоо. Изилдөөнүн маалыматтык булактары болуп Кыргыз Республикасынын Ултуттук Статистикалык комитетинин маалыматтары, Кыргыз Республикасынын укутук – нормативдик актылары саналат.

Ар бир иштин жыйынтыгында өнөр жай ишканалар өзүнүн тармактары боюнча талдоолорду жүргүзөт. Көбүнчө тармактарда экономикалык талдоолорду жүргүзүп келишет. Экономикалык талдоонун максаты - чарбалык иштин натыйжаларын аныктоо, баалоо, болжолдоо, анын өнүгүүсүндөгү оң жана терс жактарын аныктоо, ишканалардын ийгиликтеринин жана кемчиликтеринин себептерин, чарбалык иштин натыйжалуулугун жогорулатуу мүмкүнчүлүктөрүн издеп табуу менен байланышат.

Экономикалык талдоо акыркы натыйжалардын шарттарын белгилөө, изилдөө менен байланышкан өзгөчөлүнө ээ. Экономикалык талдоонун объектиси болуп экономикалык иш-аракет: өндүрүш, сатуу, чыгымдарды түзүү, финансылык натыйжалар саналат. Талдоонун бул түрү ишкананы башкарууда маанилүү роль ойнойт, анткени ал ишкананы башкаруу тармагынын ажырагыс бөлүгү, анын кызматтарынын бири болуп саналат, маалымат чогултуу менен башкаруу чечимдерин иштеп чыгуунун ортосундагы тиешелүү мааниге ээ болот.

Экономикадагы кырдаалга объективдүү баа берүү, ошого жараша башкаруу чечимдерин иштеп чыгуу, кабыл алуу талдоонун канчалык өз убагында жана сапаттуу жүргүзүлүшүнө жараша болот. Экономикалык талдоонун предмети болуп ишканалардын мүлктүк-финансылык абалы, чарбалык иштери, натыйжалуулугу, объективдүү жана субъективдүү далилдердин таасири астында өнүгүп жаткан чарбалык иштин акыркы көрсөткүчтөрү, чарбалык иштердин натыйжалуулугун жогорулатуучу пайдаланылбай жаткан резервдерди аныктоо болуп саналат.


Республикадагы ички дүң продукциялардын жана өнөр жай продукциясынын көлөмү биздин талдообузда акыркы беш жылда өсүштөрдү байкоого болот (2.1 - сүрөт).




2.1 - сүрөт. Ички дүң продукциялардын жана өнөр жай продукциясынын көлөмү.
Булак: Улуттук статистика комитетинин маалыматы [Электрондук ресурс] / Кыргызстан сандар менен. - Кирүү режими :www.stat.kg. - баш.экрандан.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитенинин маалыматынын негизинде экинчи сүрөттө көрсөтүлгөндөй, ички дүң продукциялардын өсүү пайыздары 2019-жылы 2018-жылга салыштырганда 115% пайызды түзүп, 84629,6 миң сомго өскөн. 2020-жыл менен 2019-жылды салыштууда дүйнөлүк “COVID-2019” карантини ички дүң продукциябызга таасирин тийгизип, 2019-жылдын 98% пайызын түзгөн, башкача айтканда (-)14326,6 миң сомго азайган. Акырындык менен өлкөнүн экономикасы турукташып, 2021-жыл менен 2020-жылды салыштууда 122% пайызга жогорулап, 143165,7 миң сомго өскөндүгүн байкоого болот.

Ар бир экономикалык көрсөткүчтөрдү талдоодо региондорго, областтарга жана аймактарга бөлүп кароо да салттуу көрүнүштөрдүн бири.




2.2 - сүрөт. Өнөр жай продукциясынын көлөмү (2022-жыл, 2021-жылга карата пайыз менен).

Булак: Улуттук статистика комитетинин маалыматы [ Электрондук ресурс] / Кыргызстан сандар менен. - Кирүү режими :www.stat.kg. - баш.экрандан.

Өнөр жай продукциясынын көлөмүн область, шаарларга бөлүп кароодо эң жогорку көрсөткүч Талас областына – 121,4%, Ысык-Көл облусуна – 118,5%, Нарын облусуна- 112,3%, эң төмөнкү көрсөткүч Ош шаарына – 90,5% тиешелүү болгон (2.2 - сүрөт). Азыркы учурда өнөр жай ишканалары Кыргыз Республикасынын экономикасында маанилүү орунду ээлерин улуттук статистикалык комитетинин 2018-2022 жылдардагы маалыматында далилденди. Өлкөнүн экономикасынын өнүгүшү көбүнесе алардын финансылык-чарбалык ишинин абалына көз каранды. 2021-жылы коронавирустук эпидемиядан улам кырдаалдын токтошу жана турукташтырылышынан кийин экономиканын калыбына келүүсү акырындык ордуна келди десек болот.

Кайра иштетүүчү ишканалардын финансылык статистикасы, финансылык-чарбалык ишинин натыйжаларын, төлөө жөндөмдүүлүгүн жана ишканалардагы эсептешүүлөрдүн абалын чагылдырган көрсөткүчтөрдү камтыйт. Маалыматтарды чогултуу расмий статистикалык отчеттуулуктун формаларынын негизинде жүргүзүлөт.Ар бир ишкана финансылык жылдын жыйынтыгы менен финансылык жана каржылык эсебинин негизинде баланс түзүшөт. Ар бир ишкана статистикалык маалыматтардын негизинде статистикалык баланс түзүлөт жана талдоолордо маалыматтарды колдонууга толук мүмкүн.

Балансталган финансылык натыйжа (пайда минус чыгым) - бул ишканалардын бардык чарбалык операцияларын эсепке алуунун негизинде аныкталган акыркы финансылык натыйжа. Мында продукцияны (жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү) сатуудан түшкөн пайданын (зыяндын) жана бул операцияларга чыгашалардын суммасына азайтылган операциялык эмес кирешенин суммасы көрсөтүлөт.

**Таблица 2.1- Экономикалык иштин түрү боюнча продукциялар (өткөн жылга карата пайыз менен)**

| Көрсөткүчтөр | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Өнөр жай - бардыгы | 105,4 | 106,9 | 93,4 | 109,0 | 111,4 |
| Өндүрүш тармактары | 105,0 | 108,3 | 92,8 | 107,0 | 116,4 |
| Тамак-аш азыктарын (анын ичинде ичимдиктерди) жана тамеки өндүрүү буюмдар | 104,7 | 103,9 | 93,4 | 113,3 | 111,1 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Текстиль өндүрүш; өндүрүш кийим жан а бут кийим, булгаары жана башка булгаары буюмдары | 115,8 | 118,2 | 78,5 | 94,2 | 107,2 |
| Өндүрүш жыгач жана кагаз буюмдары; басып чыгаруу иш-чаралары | 111,0 | 67,3 | 86,8 | 126,2 | 127,0 |
| Өндүрүш тазаланган мунай продуктылары | 108,9 | 60,0 | 40,7 | 167,0 | 112,3 |
| Химия продукциясын чыгаруу | 91,5 | 96,2 | 139,6 | 68,9 | 76,6 |
| Өндүрүш фармацевтикалык продуктылар | 76,7 | 97,8 | 203,4 | 64,2 | 83,0 |
| Резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү, башка металл эмес минералдык продуктылар | 111,3 | 106,7 | 93,0 | 129,5 | 97,5 |

Булак: Улуттук статистика комитетинин маалыматы [ Электрондук ресурс] / Кыргызстан сандар менен. - Кирүү режими :www.stat.kg. - баш.экрандан.

2.1 таблицада көрүнүп тургандай, 2018 –жылдан 2022 жылга чейинки талдоодо, жыл сайын өсүш байкалууда. Ал эми 2020 жылы коронавирустук эпидемиядан улам фармацевтик продуктылар 2019 жылга салыштырганда эки эсе өскөндүгү, же 203,4 пайызды түзөт. Ушундай эле көрсөткүч химия продукциясын чыгарууда да 2020 жылы 2019 жылга салыштырганда 139,6 пайызды түзгөн.

Жалпы өнөр жай тармагы боюнча 2022 жылдагы көрсөткүчтөрдү айта турган болсок, 2022 жылы 2018 жылга салыштырмалуу 106%, 2019 жылга 104%, 2020 жылга - 119%, 2021 жылга – 102% түзгөн. Ар бир өндүрүш тармактары боюнча талдоолор да 2022 жылы 2018 жылга салыштырмалуу 111%, 2019 жылга 107%, 2020 жылга - 125%, 2021 жылга – 109% түзгөн, 2.2 - таблицанын маалыматтары.

**Таблица 2.2 - Өнөр жай өндүрүшүнүн структурасы 2022-жылда менчик формалары боюнча (пайыз менен)**

| **Көрсөткүчтөр** | **Салыштырма салмагы** | | |
|---|---|---|---|
| | ишканалардын жалпы саны боюнча | өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмү боюнча | кызматкерлердин жалпы саны боюнча |
| Өнөр жай - Бардыгы | 100 | 100 | 100 |
| анын ичинде менчиктин түрү боюнча: | | | |
| мамлекеттик | 2,2 | 0,6 | 3,3 |
| муниципалдык | 7,6 | 0,8 | 7,7 |
| менчик | 90,2 | 98,6 | 89,0 |

Булак: Улуттук статистика комитетинин маалыматы [ Электрондук ресурс] / Кыргызстан сандар менен. - Кирүү режими :www.stat.kg. - баш.экрандан.

Өнөр жай өндүрүшүнүн структурасы 2022-жылда менчик формалары боюнча ишканалардын жалпы саны боюнча мамлекеттик ишканалар 2,2%,

муниципиалдык ишканалар 7,6%, менчик ишканалар 90,2%. Өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмү боюнча мамлекеттик ишканалар 0,6%, муниципиалдык ишканалар 0,8%, менчик ишканалар 98,6%. Кызматкерлердин жалпы саны боюнча мамлекеттик ишканалар 3,3%, муниципиалдык ишканалар 7,7%, менчик ишканалар 89,0% түзгөн.

**Таблица 2.3 - Кайра иштетүүдөгү иштеп аткан өндүрүштүк тармактар**

| Көрсөткүчтөр | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Ишканалардын саны | 1 201 | 1 165 | 1 172 | 1 173 | 1 190 |
| Өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү, миллион сом | 199 898,1 | 224 527,0 | 266 091,9 | 281 243,7 | 330 763,1 |
| Иштегендердин саны, миң адам | 99,9 | 99,1 | 86,8 | 84,2 | 77,2 |
| Калдыктардын финансылык жыйынтык (пайдадан чыгаша кемитилет), млн. сом | 14 983,8 | 20 607,1 | 28 456,3 | 46 125,2 | 104 117,0 |

Булак: Улуттук статистика комитетинин маалыматы [ Электрондук ресурс] / Кыргызстан сандар менен. - Кирүү режими :www.stat.kg. - баш.экрандан.

Кайра иштетүүдөгү иштеп аткан өндүрүштүк тармактар боюнча талдоолор боюнча ишканалардын саны 2018 жылы 1201 ишкана болсо, 2022 жылы 1190 ишкана болгон, маалыматтардын негизинде ишканалардын саны жылдан жылга азаган же пайыздык салыштырууда 99% түздү. Иштеген кызматкерлердин саны боюнча талдоодо 2018 жылы 99,9 миң адам болсо, 2022 жылдын аягында 77,2 миң адамды түзгөн, 2.3- таблицанын маалыматтары. Талдоолордун негизинде 2018 жылга салыштырганда иштеген кызматкерлердин саны 2022 жылдын аягында 22,7 миң адамга азайган. Өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү, 2018 жылдан 2022 жылга салыштырганда, өсүштөр байкалат. Акыркы маалыматтарга караганда 1 январь 2023 жылга 130865,0 млн. сомго же 165,4 % түзгөн.


**Таблица № 2. 4 - Тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамекини өндүрүүнүн негизги көрсөткүчтөрү**

| Көрсөткүчтөр | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Ишканалардын саны | 284 | 273 | 274 | 283 | 278 |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү, млн. сом | 31 826,4 | 33 743,3 | 35 330,0 | 45 559,7 | 61 986,4 |
| Иштегендердин саны, миң адам | 20,2 | 20,0 | 19,3 | 19,9 | 18,6 |
| Калдыктардын финансылык жыйынтык (пайдадан чыгаша кемитилет), млн. сом | 2 459,4 | 1 933,1 | 2 291,2 | 5 466,3 | 6 963,5 |
| Өндүрүш: эт жана тамак-аш кошумча продуктылар, т | 13 336 | 14 011 | 14 040 | 13 728 | 13 029 |
| Колбасалар буюмдар, т | 5 595 | 7 475 | 8 957 | 10 729 | 11 838 |
| бардык түрдөгү май, т | 4 422 | 5 621 | 8 174 | 8 274 | 8 699 |
| кайра иштетилген суюк сүт, т | 38 352 | 40 471 | 66 376 | 63 912 | 56 961 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| коюлантылбаган же таттуу кошулбаган каймак, т | 1 157 | 2 148 | 3 298 | 2 870 | 5104 |
| бардык түрдөгү сырлар, т | 4 105 | 3 629 | 7 443 | 6 639 | 7242 |
| кумшекер, миң, т | 122,5 | 99,7 | 51,3 | 64,9 | 107,4 |

Булак: Улуттук статистика комитетинин маалыматы [ Электрондук ресурс] / Кыргызстан сандар менен. - Кирүү режими :www.stat.kg. - баш.экрандан.

Тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамекини өндүрүүнүн негизги көрсөткүчтөрү боюнча акыркы беш жылдагы талдоолордун маалыматында 2022 жылдагы көрсөткүчтөрдүн жыйынтыгы 2018 жылдагы көрсөткүчтөргө караганда  ишканалардын саны 3 % азайган, өнөр жай продукциясынын өндүрүү көлөмү 2018 жылдагы көрсөткүчтөргө караганда 2022 жылы 95% өскөн, Иштегендердин саны боюнча 2018 жылдагы көрсөткүчтөргө караганда 2022 жылы 1,6 миң адамга азайган. 2.4 таблицада көрсөтүлгөн башка көрсөткүчтөр боюнча да негизинен өсүүлөрдү байкасак болот.




2.3 - сүрөт. Тамак-аш азыктарын, тамекини өндүрүүдөгү ишканалардын жана иштегендердин саны.

Булак: Улуттук статистика комитетинин маалыматы [ Электрондук ресурс] / Кыргызстан сандар менен. - Кирүү режими :www.stat.kg. - баш.экрандан.

Негизинде тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамекини өндүрүүдөгү ишканалардын жана иштегендердин санынын азайгандыгын көрүүгө болот (2.3 - сүрөт).

**Таблица 2.5 - Тазаланган мунайзат продуктуларды өндүрүүнүн негизги көрсөткүчтөрү**

| Көрсөткүчтөр | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Ишканалардын саны | 10 | 10 | 8 | 9 | 9 |
| өнөр жай продукциясынын көлөмү, млн. сом | 13 169,9 | 5 218,7 | 1 200,0 | 3 771,6 | 6 264,0 |
| Иштегендердин саны, миң адам | 1,4 | 1,4 | 1,2 | 1,2 | 1,0 |
| Сальдолоштурулган финансылык жыйынтык пайдадан чыгаша кемитилет), млн. сом | -3 300,1 | -5 007,1 | -11 920,6 | -4 754,0 | -3 886,3 |
| Өндүрүш: мотор майы (бензин), мин тонна | 218,8 | 103,0 | 13,0 | 20,7 | 24,1 |
| газойли (дизель майы), миң т | 79,3 | 83,0 | 57,9 | 96,9 | 114,9 |
| мунай отун (мазут), миң т | 156,5 | 115,4 | 84,3 | 151,3 | 159,0 |

Булак: Улуттук статистика комитетинин маалыматы [ Электрондук ресурс] / Кыргызстан сандар менен. - Кирүү режими :www.stat.kg. - баш.экрандан.

Тазаланган мунайзат продуктуларды өндүрүүнүн негизги көрсөткүчтөрүн талдоодо өнөр жай продукциясынын көлөмү 2022 жылы 2018 жылдын 47 % түзгөн же 6905,9 млн. сомго азайган, мотор майы (бензин), 2022 жылы 2018 жылдын 11 % түзгөн же 194,7 мин тоннага азайган. Газойли (дизель майы) 44% же 35,6 миң тоннага көбөйгөн, 2.5 - таблицанын маалыматтары. Ошондой эле анча көп эмес өзгөрүүгө мунай отун (мазут) көрсөткүчтөрүн көрүүгө болот.

**Таблица 2.6- Резина жана пластмасса буюмдар, башка металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүүнүн негизги көрсөткүчтөрү**

| Көрсөткүчтөр | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Ишканалардын саны | 330 | 320 | 321 | 312 | 312 |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү, млн. сом | 21 469,0 | 21 530,7 | 19 517,7 | 29 890,7 | 33 821,1 |
| Иштегендердин саны, миң адам | 12,1 | 11,9 | 11,3 | 11,4 | 10,5 |
| Калдыктардын финансылык жыйынтык (пайдадан чыгаша кемитилет), млн. сом | 2 530,5 | 2 097,9 | 1 400,2 | 6 715,5 | 7 615,2 |
| Өндүрүш:<br>цемент, мин тонна | 1 930 | 2 008 | 1 872 | 3 491 | 2 667 |
| Курулуш акиташ, миң тонна | 8,5 | 5,2 | 5,4 | 6,9 | 11,6 |
| бетондон жасалган курама курулуш конструкциялары, миң т | 199,3 | 140,2 | 106,5 | 154,8 | 132,0 |

Булак: Улуттук статистика комитетинин маалыматы [ Электрондук ресурс] / Кыргызстан сандар менен. - Кирүү режими :www.stat.kg. - баш.экрандан.

Жогоруда 2.6 таблицадагы маалыматтарга көз чаптырсак, резина жана пластмасса буюмдар, башка металл эмес минералдык продуктуларды өндүрүүнүн негизги көрсөткүчтөрү боюнча өнөр жай продукциясынын көлөмү боюнча 2022 жылы 2018 жыл менен салыштырганда негизинен өсүштөрдү байкоого болот.

Ишкананын ишин экономикалык жактан талдоо бүтүндөй ишкананын жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишинин оң жана терс жактарын аныктоого мүмкүндүк берет. Экономикалык талдоо чыгымдардын кайсы статьялары же экономикалык чыгымдардын элементтери боюнча тиешелүү убакытка олуттуу өзгөрүүлөр болгонун аныктоого шарт түзөт. Талдоо аркылуу өндүрүмсүз чыгымдарды, коромжуларды, ысырапкорчулукту, жетишсиздикти жана уурдоону, материалдык зыяндын ордун толтуруу үчүн аласаларды, материалдык балуулуктардын бузулуп калуудан болгон жоготууларды жана башкаларды мүнөздөгөн көрсөткүчтөр изилденет.


Мамлекеттин экономикасына Республикабыздагы өндүрүштүк жана кайра иштетүү ишканалардын салымы чоң. Жергебизде Республика боюнча 2018 жылы 19431 ишкана болсо 2022 жылы ишканалардын саны 24391ге жеткен.

**Таблица 2.7- Аткарган иштин түрлөрү боюнча ишканалардын саны**

| Көрсөткүчтөр | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Баардыгы** | **19 431** | **21 547** | **22 358** | **22 317** | **24 391** |
| Өндүрүш тармактары | 1 996 | 2 116 | 2 131 | 2 042 | 2 149 |
| Тамак-аш өндүрүшү, анын ичинде суусундуктар | 475 | 503 | 498 | 489 | 501 |
| Тамеки буюмдарын чыгаруу | 6 | 11 | 10 | 7 | 8 |
| Текстиль өндүрүшү; кийим чыгаруу жана бут кийим, булгаары жана башка булгаары буюмдары | 217 | 224 | 235 | 237 | 282 |
| жыгач жана кагаз буюмдарын өндүрүү; басып чыгаруу иш-чаралары | 229 | 229 | 229 | 194 | 193 |
| Коксту жана тазаланган нефть продуктыларын чыгаруу | 14 | 16 | 15 | 18 | 18 |
| Химиялык өндүрүш | 59 | 67 | 67 | 68 | 83 |
| Фармацевтикалык өндүрүш | 47 | 45 | 47 | 43 | 42 |
| Резина жана пластмасса буюмдарын чыгаруу | 154 | 161 | 162 | 142 | 141 |
| металл эмес минералдык продуктыларды чыгаруу | 327 | 351 | 357 | 343 | 357 |

Булак: Улуттук статистика комитетинин маалыматы [ Электрондук ресурс] / Кыргызстан сандар менен. - Кирүү режими :www.stat.kg. - баш.экрандан.

2.7 таблицада көрсөтүлгөндөй, өндүрүш жана кайра иштетүү ишканалары Республикадагы жалпы ишканалардын санына салыштырганда 2018-жылы - 10,3%, 2019-жылы - 9,8%, 2020-жылы - 9,5%, 2021 жылы – 9,1%, 2022 – жылы 8,8% түзгөн. Изилдөө мезгилинде 2018-жылдан 2022 жылга чейин орточо 153 ишканага көбөйгөн. Акыркы мезгилде экономикада рентабелдүү ишканалардын өскөнүн да байкоого болот.




2.4 - сүрөт. Рентабелдүү ишканалардын саны.

Булак: Улуттук статистика комитетинин маалыматы [Электрондук ресурс] / Кыргызстан сандар менен. - Кирүү режими :www.stat.kg. - баш.экрандан.

Рентабелдүү ишканалардын саны талдоо убагында баардык ишканалардын орточо саны 7626 болсо, өндүрүш жана кайра иштетүү ишканаларынын орточо саны 713 же жалпы ишканалардын 9,3% пайызын түздү. Бул жерден да 2020 жылдан башка жылдары өсүү жолунда экендиги тастыкталды. Өндүрүш жана

кайра иштетүүчү ишканалардын финансылык көрсөткүчтөрүн карай турган болсок, төмөнкүчө болду (2.4 - сүрөт).

**Таблица 2.8 - Өндүрүш жана кайра иштетүүчү ишканалардын финансылык көрсөткүчтөрү (млн. сом)**


| Көрсөткүчтөр | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|
| Сатуудан түшкөн киреше (дүң киреше) продуктылар (иштер, кызматтар) | 184 634,0 | 219 905,2 | 265 422,2 | 310 444,3 | 373 340,5 |
| Операциялык эмес кирешелер жана чыгашалар (-) | -4 468,5 | -6 241,4 | -16 807,5 | -8 874,5 | 27 070,8 |
| Калдык каржылык натыйжасы (пайда минус жоготуу) | 14 983,8 | 20 607,1 | 28 456,3 | 46 125,2 | 104 117,0 |
| Пайда | 20 228,9 | 27 794,1 | 44 360,7 | 53 371,0 | 110 082,4 |
| Жоготуулар (Убытки) | 5 245,1 | 7 187,0 | 15 904,4 | 7 245,8 | 5 965,5 |
| Өндүрүш жана сатуу чыгымдары, продуктылар (иштер, кызматтар) | 165 181,7 | 193 034,0 | 220 158,4 | 255 442,6 | 296 294,4 |
| Финансылык активдер | 53 162,4 | 76 939,8 | 128 656,2 | 102 881,0 | 132 568,4 |

Булак: Улуттук статистика комитетинин маалыматы [ Электрондук ресурс] / Кыргызстан сандар менен. - Кирүү режими :www.stat.kg. - баш.экрандан.

Өндүрүш жана кайра иштетүүчү ишканалардын финансылык көрсөткүчтөрүн карап көрсөк, сатуудан түшкөн киреше (дүң киреше) продуктыларды салыштырууда 2019 –жылы 2018 жылга карата 119% түздү же 35271,2 млн. сомго өскөн. 2020 жылы 2019 жыл менен салыштырууда 45517,0 млн. сомго же 121% түздү. 2021 жылы 2020-жылга салыштырганда 45022,1 млн. сомго же 117% пайызды түздү. 2022-жылы 2021 жылга карата 62896,2 млн.сомго өскөн же 120 % түзгөн, 2.8- таблицанын маалыматтары. Талдоо көрсөткөндөй акыркы беш жылда финансылык көрсөткүчтөр боюнча өсүүлөр бар экендигин байкоого болот.

Калдык каржылык натыйжалардын көрсөткүчтөрү боюнча талдоолор көрсөткөндөй өсүштөр бар экендигин байкоого болот. Өндүрүш жана кайра иштетүүчү ишканалардын пайда боюнча талдоосунда 2019 жылы 2018 жылга салыштырганда 137% же 7565,2 млн. сомго көп болгон. Ушундай эле көрсөткүчтөрдү 2020 жылы 2019 жыл менен салыштырууда 160% түздү, же 16566,6 млн., сомго өскөн. 2021-жылдагы пайдасын 2020-жылдагы түшкөн пайданы салыштырганда 9011,0 млн., сомго же 120% көп болгон. 2022-жылдагы көрсөткүчтөр 2021 – жылга карата эки эсе өскөн же 56711,4 млн. сомго өскөн.

Кайра иштетүүчү ишканалардын инвестиция менен иш алып баруусун Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматына таянып, негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн (2018-2022 жылдар) негизги капиталга тартылган инвестицияларын талдоодо төмөнкүдөй жыйынтык алууга болот.





2.5 - сүрөт. Республика боюнча негизги капиталга тартылган инвестициялар (млн.сом).

Булак: Улуттук статистика комитетинин маалыматы [ Электрондук ресурс] / Кыргызстан сандар менен. - Кирүү режими :www.stat.kg. - баш.экрандан.

Кайра иштетүүчү ишканалардын негизги капиталга тартылган инвестицияларына жүргүзгөн талдоолорубуз боюнча алып караганда 2018-жыл менен 2019 жылдагы келип түшкөн инвестицияны салыштырууда 107% же 10725,8 млн. сомго көп түшкөн. 2019 жылдагы инвестициялардын көлөмү 2020 жылы өткөн жылдын 76% же 38914,1 млн. сомго аз түшкөн. 2020-жылдагы келип түшкөн инвестициянын көлөмү 2021 жылга караганда 436,3 млн. сомго азайган же 99,6% түзгөн. Ал эми 2022-жылдагы көрсөткүчтөр15489,7 млн. сомго өскөн же 2021 жылдын 113% түзгөн (2.5 - сүрөт).

Кайра иштетүүчү ишканаларга сырттан тартылган инвестицияларына жүргүзгөн талдоолорубуз боюнча, акыркы беш жылда дайым өзгөрүүлөрдү байкоого болот.




2.6 - сүрөт. Чет элдик инвестициялардын көлөмү.

Булак: Улуттук статистика комитетинин маалыматы [ Электрондук ресурс] / Кыргызстан сандар менен. - Кирүү режими :www.stat.kg. - баш.экрандан.

Чет элдик инвестициялар боюнча маалыматтар 2019 жылы 2018 жылга салыштырганда 225,2 млн. АКШ долларына же 26% көбөйгөн. 2020-жылы 2019 – жылга салыштыруу талдоосунда 50% же 539,3 млн. долларга азайган. Мындай азаюнун себеби, баарыбызга маалым болгондой, дүйнөдөгү болгон COVID-2019 жылдагы апаатынын тийгизген таасири экендиги маалым. 2021 – жылдагы көрсөткүчтөрдү 2020-жылдагы көрсөткүчтөр боюнча талдообузда көрсөткөндөй

өткөн жылдагы көрсөткүчтөрдүн 87% түзгөн же 468,5 млн. долларга көбөйгөн. 2022 – жылдын 2021-жылга салыштырууда 196,5 млн. долларга өскөн же 2021 жылдагы көрсөткүчтөрдөн 20% көбөйгөн (2.6 - сүрөт).

Инвестицияларды тартуу, ишканалардын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу ар бир ишкананын алдыга койгон максаттарынын бири экендиги баарыбызга маалым.Өндүрүш, кайра иштетүү тармактарында бөлүнгөн чет элдик инвестициялардын талдоосунда төмөндөгүдөй жыйынтыктарды көрүүгө болот  (2.7 -сүрөт).




2.7 - сүрөт. Өндүрүш, кайра иштетүү тармактарына келген инвестициялар (% менен).

Булак: Улуттук статистика комитетинин маалыматы [ Электрондук ресурс] / Кыргызстан сандар менен. - Кирүү режими :www.stat.kg. - баш.экрандан.

Кыргызстанга сырттан  келген инвестициянын жалпы суммасын 100% (пайыз) деп алсак, өндүрүш, кайра иштетүү тармактарына келген инвестициялардын келүүсү 2018 –жылы 10,9% түзгөн болсо, 2019 – жылы 9,2% түзгөн же 1,6% азайган. 2020-жылы 15,1% болсо, 2021 – жылы 21,1%, 2022 – жылы 41,5% чейин өскөндүгүн көрүүгө болот.

**Диссертациянын үчүнчү** “Ишканалардагы башкаруу эсебин өркүндөтүү иштерин жүзөгө ашыруу” бөлүмүндө ишканалардагы стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүдөгү көйгөйлөр, башкаруу эсебин өркүндөтүүнү уюштуруудагы сунуштар каралды.

Кайра иштетүү ишканаларында башкаруу эсеби өндүрүш айлануусунун өзгөчөлүктөрүнө, тармактын өзгөчөлүгүнө байланыштуу бир катар өзгөчө көйгөйлөргө туш болушу мүмкүн. Бул жерде алардын айрымдарын карап көрөлү:

*Өндүрүштүк чыгымдарды көзөмөлдөө көйгөйлөрү*: кайра иштетүү айлануусу көбүнчө көптөгөн кадамдарды жана чийки заттардын ар кандай түрлөрүн камтыйт. Ар бир кадам менен байланышкан бардык чыгымдарды эсепке алуу татаал болушу мүмкүн жана так эсепке алуу тармагын талап кылат.Продукциялардын санынын көптүгү: Көптөгөн кайра иштетүүчү ишканалар бир эле учурда же ыраатту түрдө ар кандай продукцияларды чыгарышат. Бардык бул продуктыларды жана аларды өндүрүү этаптарын эсепке алууда көйгөйлөр болушу мүмкүн.

*Запастарды башкаруу:* Кайра иштетүүнүн айлануусунда даяр продукциянын да, материалдардын да олуттуу запастары болушу мүмкүн. Бул запастарды эффективдүү башкарууну жана так эсепти талап кылат. Баарыбызга белгилүү болгондой, башкаруу эсебин уюштуруу өнөр жай ишканаларынын ички саясаты болгондуктан, көмүскө  экономиканы мамлекет тарабынан

көзөмөлгө алуу көптөгөн кыйынчылыктарды жаратып келет.Бул көйгөйлөрдү чечүү башкаруу эсебинин натыйжалуу тармагын киргизүүнү гана эмес, ошондой эле тышкы чөйрөнүн жана ички өндүрүш процесстеринин өзгөрүүсүнө ийкемдүүлүктү талап кылат.

*Тышкы факторлор*. Кайра иштетүү ишканаларында башкаруу эсебине таасир этүүчү тышкы факторлор экономикалык, саясий, социалдык-маданий, технологиялык жана экологиялык факторлорду камтыган көп аспектилерди камтыйт. Ошондуктан алардын айрымдарынын толук сүрөттөлүшүнө токтоло кетели.

*Экономикалык факторлор*: Экономикалык чөйрө, анын ичинде инфляция, жумушсуздук, валюта курсу, мамлекеттик экономикалык саясаттагы өзгөрүүлөр жана финансылык кризистер кайра иштетүү ишканаларында башкаруу эсебине олуттуу таасирин тийгизет. Мисалы, экономикалык шарттардын өзгөрүшү компаниянын продукциясына болгон суроо-талапка, чийки заттын баасына, ошондой эле компаниянын финансылык абалына таасирин тийгизээрин эске салуу керек.

Кыргыз Республикасындагы кайра иштетүү ишканаларында стратегиялык башкаруу эсебин өркүндөтүү комплекстүү мамилени талап кылат. Бул жаңы технологияларды жана методологияларды киргизүүнү, ошондой эле учурдагы башкаруу жана отчеттуулук процесстерин кайра карап чыгууну камтышы мүмкүн. Мындай жагдайды эске алып, жакшыртуу үчүн кээ бир негизги багыттарга токтоло кетели.

*Заманбап IT чечимдердин интеграциясы.* Заманбап программалык системаларын колдонуу менен бухгалтердик эсепти, финансылык жана салык талдоону санариптик ыкмаларды колдонуу менен маалыматтардын тактыгын жана иштетүү ылдамдыгын жогорулатууга болот.

*Кадрларды даярдоо жана өнүктүрүү*. Башкаруучу эсеп жана финансы кызматкерлерин үзгүлтүксүз окутуу жана кесиптик жактан жогорулатуу өтө маанилүү. Башкаруу эсебинин жана стратегиялык пландаштыруунун акыркы тенденциялары боюнча тренингдерди, семинарларды жана курстарды өткөрүү команданын компетенциясын күчөтөт жана башкаруу процессинин натыйжалуулугун жогорулатат.

*Стратегиялык пландаштыруу жана болжолдоо*. Келечектеги чыгашаларды жана кирешелерди так болжолдоо механизмдерин камтыган комплекстүү стратегиялык пландоо системаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу менен жетишүүгө болот.

## КОРУТУНДУ

Жүргүзүлгөн теориялык изилдөөлөрдүн, ошондой эле алынган илимий натыйжалардын негизинде биз төмөнкүдөй корутундуга келдик:

1. Ишкананын эсеп саясаты бухгалтердик отчеттуулуктун ички жана сырткы керектөөчүлөрү үчүн ачык-айкын болушу керек. Бул максатта эсеп саясатын ачып көрсөтүүдө керектөөчүлөр үчүн экономикалык кызыкчылыкка көңүл

бурулуп, аларга бухгалтердик эсепти жүргүзүү жолдорун түшүүнүгө жардамы тийиши зарыл.
2. Стратегиялык башкаруу эсебинин тармагынын түзүмүндө бухгалтердик жана уюштуруучулук, бухгалтердик эсепти жана башкарууну, бухгалтердик жана аналитикалык жана интеграциялоо тармагын камсыз кылуу.
3. Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук экономикалык активдерди жана чарбалык операцияларды көбүрөөк ачып берет. Ишкананын бардык каражаттарынын жайгашкан жери жана курамы боюнча жетишээрлик объективдүү сандык сыпаттамасына үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүү, отчеттук таблицаларды түзүү жана баланстык топтоштуруу, иш кагаздарды типтештирүү жана эсептерде тармакташтыруу.
4. Бухгалтердик эсеп маалыматы менен иш кагаздардын негиздүүлүк принцибин этибарга алуу мүмкүнчүлүгү иш жүзүндөгү жана болжолдуу баалоолорду колдонуу менен байланышкан.
**5.** Ар бир иштин жыйынтыгында тиешелүү ишкана өзүнүн тармактары боюнча талдоолорду жүргүзөт. Көбүнчө тармактарда экономикалык талдоолорду жүргүзүп келишет.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Кыргыз Республикасындагы кайра иштетүү ишканаларында стратегиялык башкаруу эсебин өркүндөтүү комплекстүү мамилени талап кылат. Бул жаңы технологияларды жана методологияларды киргизүүнү, ошондой эле учурдагы башкаруу жана отчеттуулук процесстерин кайра карап чыгууну камтыйт. Изилдөөнүн жыйынтыгы төмөнкү практикалык сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүндүк берди.
1. Заманбап IT чечимдердин интеграциясы. Заманбап программалык системаларын колдонуу менен бухгалтердик эсепти, финансылык жана салык талдоону санариптик ыкмаларды колдонуу менен маалыматтардын тактыгын жана иштетүү ылдамдыгын жогорулатууга болот.
2. Кадрларды даярдоо жана өнүктүрүү. Башкаруучу эсеп жана финансы кызматкерлерин үзгүлтүксүз окутуу жана кесиптик жактан жогорулатуу өтө маанилүү. Башкаруу эсебинин жана стратегиялык пландаштыруунун акыркы тенденциялары боюнча тренингдерди, семинарларды жана курстарды өткөрүү команданын компетенциясын күчөтөт жана башкаруу процессинин натыйжалуулугун жогорулатат.
3. Бюджеттик процесстерди өркүндөтүү. Салттуу бюджеттөөдөн тышкы чөйрөдөгү өзгөрүүлөргө көбүрөөк ийкемдүүлүктү жана ыңгайлашууну камсыз кылган прогноздор жана нөлдүк бюджеттөө сыяктуу ыкмаларга өтүү аркылуу камсыз болот. Бул жерде балансталган баа системасы концепциясын киргизүү да абзел.
4. Башкаруу эсебин өркүндөтүүнү уюштуруудагы сунуштар. Бул ыкма инкананын бардык деңгээлдериндеги ар бир кызматкер үчүн так өлчөнгөн максаттарды коюуга жардам берет, бул ишкананын жалпы стратегиялык

максаттарына жетүү үчүн кызматкерлердин көбүрөөк катышуусуна өбөлгө түзөт.

5. Киберкоопсуздукту жогорулатуу. Санариптик технологияларга көз карандылык өсүп жаткан чөйрөдө маалыматтарды, тармактык киберкоркунучтардан ишенимдүү коргоонуну камсыз кылуу маанилүү, бул өз кезегинде бизнес-процесстердин үзгүлтүксүздүгүн жана маалыматтын коопсуздугун камсыз кылат.

6. Салыктык пландаштырууну оптималдаштыруу. Салык мыйзамдарын сактоо гана эмес, мыйзам чегинде салык милдеттенмелерин оптималдаштыруу да маанилүү. Натыйжалуу салык стратегиясын иштеп чыгуу чыгымдарды азайтуу жана компаниянын кирешесин көбөйтүүгө жардам берет.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ


1. Бакай кызы Ж. Стратегическое планирование и разработка долгосрочной стратегии перерабатывающей промышленности Кыргызстана [Текст] / Бакай кызы Ж., Сейкимбаева Б.К.// М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин кабарлары. - 2023. - № 4(61). – С.150–151. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=55081341
2. Бакай кызы Ж. Стратегическое управление конкурентоспособного развития перерабатывающей промышленности АПК Кыргызской Республики [Текст] / Бакай кызы Ж., Жумалиев Э.К., Джаилов Дж.С.// Экономика и бизнес: теория и практика. – Новосибирск, 2024. - № 2-1(108). – С.13–18. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=63422146
3. Бакай кызы Ж. Стратегический анализ в экономическом развитии перерабатывающей и пищевой промышленности Кыргызской Республики [Текст] / Бакай кызы Ж.// Экономика и бизнес: теория и практика. – Новосибирск, 2024. - № 3-1(109). – С.37–41. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=65610235
4. Бакай кызы Ж. Ишканалардагы эсеп саясатын түзүү жана тажрыйбада колдонуу [Текст] / Бакай кызы Ж., Бексултанов А.А.// М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин кабарлары. - 2023. - № 3(60). – С.167–170. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=59720919
5. Бакай кызы Ж. Ишканаларда, мамлекеттик мекемелерде инвентаризация өткөрүүнүн максаты жана мааниси [Текст] / Бакай кызы Ж., Бексултанов А.А.// М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин кабарлары. - 2023. - № 3(60). – С.170–173. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=59720920
6. Бакай кызы Ж. Роль стратегического учета в современной системе бухгалтерского учета [Текст] / Бакай кызы Ж., Ногойбаева Э.К., Ырысбекова А.Ы.// М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин кабарлары. - 2024. - № 13(62). – С.133-136. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=65664209
7. Бакай кызы Ж. Стратегиялык эсептин мааниси жана көйгөйлөрү [Текст] / Бакай кызы Ж.// Известия вузов кыргызстана. - 2024. - № 1. – С.142-143. https://www.elibrary.ru/title_about_new.asp?id=53376

8. Бакай кызы Ж. Аймактарды комплекстүү өнүктүрүүнүн стратегиялары: тажрыйба, чакырыктар жана перспективалар [Текст] / Бакай кызы Ж., Орозбекова Ж.М.// Известия вузов кыргызстана. - 2024. - №1. – С.144-147. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=65664209

**08.00.12 – бухгалтердик эсеп, статистика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Бакай кызы Жамиланын "Стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүү (Кыргыз Республикасынын кайра иштетүү ишканаларынын мисалында)" темасындагы диссертациянын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** стратегиялык башкаруу эсеби, көйгөйлөр, бөлүмдөр, милдеттер, деңгээл, байланыш, продукция, чыгымдар, калькуляция, байланыштар, талдоолор, көрсөткүчтөр, факторлор, сапат, көзөмөл, кызматкерлердин квалификациясы, тренинг, вебинар ж.б.

**Изилдөө объектиси** болуп Кыргыз Республикасындагы кайра иштетүүчү ишканалары болуп саналат.

**Изилдөөнүн предмети** - кайра иштетүүчү ишканалардагы стратегиялык башкаруу эсеби, алардын тажрыйбада колдонулушу.

**Изилдөөнүн максаты** - кайра иштетүүчү ишканалардагы стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүү, стратегиялык башкаруу эсебинин өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн шарттарды, өбөлгөлөрдү түзүү үчүн стратегиялык башкаруу эсебин жүргүзүүнү жөнгө салуу механизмин өркүндөтүү, ошондой эле башка өлкөлөрдүн тажрыйбаларын изилдеп, жыйынтыктарын ата мекендик ишканаларда колдонуу.

**Изилдөөнүн максаты** - жалпы илимий методдор, байкоо, системалоо жана салыштыруу, логикалык индукция жана дедукция ыкмалары, байланыштарды билүү, талдоо, синтез, моделдөө, илимий так методдор: экономикалык, факторлук, экономикалык статистика.

**Изилдөөнүн жаңылыгы** - Кыргыз Республикасында кайра иштетүүчү ишканаларынын стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүүнүн жаңы ыкмаларын теориялык жактан негиздөөдө жана практикалык жактан колдонууну иштеп чыгуу.

**Алынган натыйжалар** - Кайра иштетүүчү ишканаларынын стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүү боюнча берилген сунуштар Экономика жана коммерция министрлигинин, Айыл чарба министрлигинин, кайра иштетүүчү ишканалардын ченемдеринин негиздүүлүгүн жана объективдүүлүгүн жогорулатууга жардам берет.

**Колдонуу даражасы** - кайра иштетүүчү ишканалардын стратегиялык башкаруу эсебин жана талдоо системасын өркүндөтүү боюнча санариптик технологияларды киргизүүнү эске алуу менен натыйжалуу башкаруу эсебинин системасын түзүү ыкмаларын иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

**Колдонуу чөйрөсү** – Кыргыз Республикасындагы кайра иштетүүчү ишканалар менен байланышкан программаларды иштеп чыгууда изилдөөнүн негизги натыйжаларын пайдаланса болот.


**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Бакай кызы Джамили на тему “Совершенствование системы стратегического управленческого учета и анализа (на примере перерабатывающих предприятий Кыргызской Республики)” на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.12 – бухгалтерский учет, статистика**

**Ключевые слова:** стратегический управленческий учет, проблемы, отделы, задачи, уровень, коммуникация, продукт, затраты, калькуляция, коммуникации, анализ, показатели, факторы, качество, контроль, квалификация сотрудников, обучение, вебинар и т. д.

**Объектом исследования** являются перерабатывающие предприятия Кыргызской Республики.

**Предметом исследования** является стратегический управленческий учет на перерабатывающих предприятиях, их практическое применение.

**Цель исследования** - совершенствование механизма регулирования ведения стратегического управленческого учета на перерабатывающих предприятиях, создание условий, предпосылок для обеспечения развития стратегического управленческого учета, а также изучение опыта других стран и применение результатов на отечественных предприятиях.

**Методы исследования** - общенаучные методы, наблюдения, систематизации и сравнения, методы логической индукции и дедукции, познания связей, анализа, синтеза, моделирования, научные точные методы: экономические, факторные, экономической статистики.

**Научная новизна:** разработка теоретического обоснования и практического применения новых методов совершенствования системы стратегического управленческого учета и анализа перерабатывающих предприятий Кыргызской Республики.

**Полученные результаты** - предложения по совершенствованию системы стратегического управленческого учета и анализа перерабатывающих предприятий помогут повысить обоснованность и объективность нормативов Министерства экономики и коммерции, Министерства сельского хозяйства, перерабатывающих предприятий.

**Степень использования:** позволяет разработать методы создания эффективной системы управленческого учета перерабатывающих предприятий с учетом внедрения цифровых технологий для совершенствования системы стратегического управленческого учета и анализа.

**Область применения:** основные результаты исследований могут быть использованы при разработке программ, связанных с перерабатывающими предприятиями Кыргызской Республики.

**SUMMARY**

**of Bakai kyzy Jamili's dissertation on “Improving the system of strategic management accounting and analysis (on the example of processing enterprises of the Kyrgyz Republic)” for the degree of Candidate of Economic Sciences in the specialty 08.00.12 – accounting, statistics**

**Keywords:** strategic management accounting, problems, departments, tasks, level, communication, product, costs, calculation, communications, analysis, indicators, factors, quality, control, employee qualifications, training, webinar, etc .

**The object** of research is processing enterprises of the Kyrgyz Republic.

**The subject** of the study is strategic management accounting at processing enterprises, their practical application.

**The purpose** of the study is to improve the mechanism for regulating strategic management accounting at processing enterprises, create conditions and prerequisites for ensuring the development of strategic management accounting, as well as study the experience of other countries and apply the results at domestic enterprises.

**Research methods:** general scientific methods, observations, systematization and comparison, methods of logical induction and deduction, cognition of connections, analysis, synthesis, modeling, scientific exact methods: economic, factorial, economic statistics.

**Scientific novelty:** development of a theoretical justification and practical application of new methods for improving the system of strategic management accounting and analysis of processing enterprises of the Kyrgyz Republic.

**The results obtained** - proposals for improving the system of strategic management accounting and analysis of processing enterprises will help to increase the validity and objectivity of the standards of the Ministry of Economy and Commerce, the Ministry of Agriculture, processing enterprises.

**The degree of use:** allows us to develop methods for creating an effective management accounting system for processing enterprises, taking into account the introduction of digital technologies to improve the system of strategic management accounting and analysis.

**Scope of application**: the main research results can be used in the development of programs related to processing enterprises of the Kyrgyz Republic.